Изденүүчү Маданова Кызбурак Жапаровнанын 10.01.09-Фольклористика адистиги боюнча жазылган "Манас" эпосундагы байыркы диний ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши (С. Каралаевдин жана Б. Сазановдун варианттары боюнча)" деген диссертациялык ишине

п и к и р

Изденүүчү Маданова Кызбурак Жапаровна "Манас" эпосундагы байыркы диний ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши (С. Каралаевдин жана Б. Сазановдун варианттары боюнча)" деген диссертациялык ишинде эпостогу диний ишенимдердин өзгөчөлүгүн, эпостун сюжеттик түптөлүшүндөгү маанисин ар тараптуу изилдөөгө алган. Иштин структурасы жакшы түзүлгөн, стили калыптанган. Иш чыйрак жазылган. Диссертациялык иштин беделин түшүрө турган каталарга жол коюлган эмес. Изилдөөнүн милдеттери так, далилдүү көрсөтүлгөн.

1. Эпостогу эпикалык көөнө мотивдерди, анын ичинен байыркы диний ишенимдерге байланыштуу мотивдерди айырмалап көрсөткөн.
2. Диний ишенимдерге байланыштуу элдик түшүнүктөрдү фольклордук аспектиде талдоого алган.
3. Эпикалык көөнө мотивдердин, анын ичинде диний ынанымдардын "Манас" эпосунун текстиндеги поэтикалык чагылдыруудагы өз алдынчалыгын ачып берген.
4. Диний ишенимдерге байланыштуу элдик түшүнүктөрдүн эпостогу сюжет куруудагы ордун көрсөткөн.
5. Исламга чейинки байыркы диний ишенимдердин элдик аң сезимдин алгачкы коомдо калыптанышындагы руханий баалуулук катары маанисин, андагы көөнө диний ишенимдердин ролун талдаган.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгын ачууда изденүүчү төмөнкүлөргө токтолгон: эпостогу эпикалык көөнө мотивдердин, элдик оозеки чыгармачылыктын эпос жанрын жалпы фольклористиканын контекстинде анализдеп, алардын изилдениши эволюциялык планда экендигин көрсөткөн. Көөнө диний мшенимдердин өзгөчөлүктөрүн аныктап, анын кыргыз фольклорундагы ээлеген ордун белгилеген.

Диссертациялык иштин структурасы мазмундун ачылышына кызмат кылат. Аткарылган илимий изилдөөнү адистештирилген кеңеште коргоого сунуштоого болот.

**Илимий жетекчи:** **Филология илимдеринин доктору Жамгырчиева Г.Т.**